“БЕКИТЕМИН”
Б.Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын ректору, т.и.к., доцент С.С. Азизбаев
________________
«_17_»__04______2024-ж

**Доронбаева Нурзада Орунбековнанын “Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу” (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) аттуу темадагы, 13.00.01 – Жалпы педагогика, педагогика жана билим берүү тарыхы адистиги боюча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин талкуулоо боюнча педагогика, психология жана дене тарбия тарыхы кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын 2024-жылдын 6-мартындагы №5-протоколунун**

**К Ө Ч Ү Р М Ө С Ү**

**Катышкандар:**

1. Токсонбаев Р. Н. – педагогика, психология жана дене тарбия тарыхы кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01);
2. Анаркулов Х. Ф. – педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01; 13.00.04);
3. Саралаев М. К. – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.04);
4. Иманалиев Т. Т. – педагогика илимдеринин кандидаты, профессор (13.00.04 );
5. Абдуллаев М. Т. – педагогика илимдеринин кандидаты, ага окутуучу (13.00.01; 13.00.04);
6. Абдыбекова Н. А. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а (13.00.01);
7. Айбалаев Х. Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а (13.00.01; 13.00.04);
8. Исакова Ж. Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. (13.00.01);

Сканировано с CamScanner

10. Мусалиева К. К. – ага окутуучу;

11. Джунушбаева А. О. – ага окутуучу;

12. Халиалдаева А. С. – ага окутуучу, магистратура бөлүмүнүн башкы адиси.

Жыйындын төрайымы: Исакова Ж. Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.

Жыйындын катчысы: педагогика илимдеринин кандидаты, ага окутуучу Тажибаева У. К.

**КҮН ТАРТИБИ:**

**1. Доронбаева Нурзада Орунбековнанын "Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу" (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) аттуу темадагы, 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогика жана билим берүү тарыхы адистиги боюча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүн талкуулоо.**

**2. Доронбаева Нурзада Орунбековнанын "Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу" (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) аттуу темадагы диссертациясы боюнча кандидаттык экзамен үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо.**

**Диссертациялык иш** Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбия тарыхы кафедрасында аткарылган.

**Илимий жетекчиси: педагогика илимдеринин доктору, профессор Р. Н. Токсонбаев**: Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер, бүгүнкү отурумда төрайым кылууга ишеним көрсөткөнүңүздөр үчүн терең ыраазычылык билдирем. Бүгүн, Доронбаева Нурзада Орунбековнанын "Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу" (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) аттуу темадагы 13.00.01 –

Сканировано с CamScanner

жалпы педагогика, педагогика жана билим берүү тарыхы адистиги боюча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулайбыз. Ушул күн тартибиндеги маселени баштоого добуш берип койсоңуздар.

ДОБУШ БЕРҮҮ: "Макул" – бардыгы. Күн тартиби бир добуш менен бекитилди.

Диссертациянын негизги мазмунун, маңызын, максатын жана өзөктүү жерлерин айтып берүү үчүн сөз изденүүчүгө берилет.

Изденүүчү Н.О.Доронбаевага берилсин. Доронбаева Нурзада Орунбековнанын диссертациялык ишинин мазмуну, актуалдуулугу, максаты, милдеттери, изилдөөнүн объекти, предмети, илимий жаңылыгы, коргоого коюлуучу негизги жоболор жана изилдөөнүн жыйынтыктарынан апробацияланышы жана жайылтуусу, диссертациялык иштен алынган илимий көрсөткүчтөрдүн толуктуулугунун чагылдыруусу, диссертациялык иштин түзүлүшү жана көлөмү жөнүндөгү маалыматтар доклады слайд менен угулду (доклад тиркелет).

**Жыйындын төрайымы:** Урматтуу кесиптештер, баяндама бүттү. Кимде кандай суроолор бар?

**Айбалаев Х. Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Менин биринчи суроом:** Баардыгы болуп канча илимий макала чыгардыңыз жана канчасы илимий макала жетекчиңиз менен чогу чыккан?

**Изденүүчү:** Урматтуу Хамид Жалилович, суроонузга ырахмат!

Бардыгы болуп 16 макала чыгардык. 14 макала илимий жетекчим менен чыккан. КР УАКтын талаптарына ылайык журналдардан басылып чыгарылды. Мисалы: "Международный журнал Гуманитарных и естестственных наук" атуу журналда 2 макала, "Живая психология" атуу журналда 1 макала, ал эми "Наука новые технологии и инновации Кыргызтана", "Известия ВУЗов" аттуу журналдарда бир канча макалалар жарык көрдү.

**Экинчи суроом.** Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү эмнеде?

Сканировано с CamScanner

**Изденүүчү:** Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү болуп төмөнкүлөр саналат. Изилденген материалдар жана аларды башталгыч класстын 3-4-класстын окуучуларынын дене тарбия сабагында пайдалануу, педагогикалык процесстин мазмунун олуттуу деңгээлде байытууга мүмкүндүк берип, сабактардын жалпы жыштыгын дене тарбияда колдонуучу каражаттары сыяктуу эле жогорулатат жана Кыргызстандын жалпы билим берүү мектептеринде колдонууга сунушталышы мүмкүн. Биз жүргүзгөн изилдөө Мамлекеттик билим берүү стандартынын мазмунуна жана тарыхый жактан калыптанган билим берүүнүн жана тарбия берүүнүн ченемдик иш кагаздарынын талаптарына толугу менен ылайык келет.

**Жыйындын төрайымы:** Мадина Кожомкуловна сурооңузду бериңиз.

**Мамбетова М. К. – педагогика илимдеринин кандидаты, дене тарбия жана спорттун теориясы жана методикасы кафедрасынын башчысы.**

**Менин биринчи суроом.** Педагогикалык изилдөө иштери кайсы жакта өткөрүлдү?

**Изденүүчү:** Урматтуу Мадина Кожомкуловна, суроонузга ырахмат.

Педагогикалык эксперимент Бишкек шаарындагы Октябрь районундагы №64 - мектеп гимназиясында жана Ысык-Көл областынын, Ысык-Көл районунда Семеновка айылындагы П. Ф. Колесников атындагы мектебинде өткөрүлдү.

**Экинчи суроом.** Илимий изилдөө иштери канча илимий этаптан турду жана кайсы жылдарда?

Изилдөө иш үч этаптан турду:

биринчи этап 2018-2019 -ж.ж.;

экинчи этап 2019-2020 -ж.ж.;

үчүнчү этап 2021-2022-ж.ж.

3-4-класстын окуучуларына педагогикалык эксперимент өткөрүлгөн.

Сканировано с CamScanner

**Жыйындын төрайымы:** Урматтуу кесиптештер, менде да суроолор бар эле өзүмдүн суроомду берейин.

**Исакова Ж. Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты., доценттин м.а.** Айтыңызчы, 8-10 жаштагы балдар кантип ат чабыш оюнун ойноп алат?

**Изденүүчү:** Урматтуу Жанна Жаманкуловна, суроонузга ырахмат!

8-10 жаштагы балдар ат чабыш оюнун, чыбыктан ат жасашып ойношот.

**Экинчи суроом.** Бешик ырын билесизби, айтып бере аласызбы?

**1.** Ооба, албетте бешик ырын билем, айтып бере алам.

Алдей-алдей, бөбөгүм,
Алдей-алдей, бөбөгүм!
Атаң тойдон келатат,
Ак кисе толгон эт келет!

Алдей-алдей, бөбөгүм,
Алдей-алдей, бөбөгүм!
Энең тойдон келатат,
Эмчек толгон сүт келет!

Асти балам, ыйлаба,
Апаңдын жанын кыйнаба!
Эстүү балам, ыйлаба,
Энендин жанын кыйнаба!

Алдей-алдей, бөбөгүм,
Алдей алдей, бөбөгүм
Элин багып, сыйлаган,
Эл менен бирге жыргаган,
Эмгекчи болгун бөбөгүм!

**Жыйындын төрайымы:** Маматсабыр Турганбаевич сурооңузду бериңиз.

**Абдуллаев М.К. – педагогика илимдеринин кандидаты, ага окутуучу.**

**Менин биринчи суроом.** 3-4-клаасстын окуучуларына ийилчээктикти өстүрүү үчүн кандай кыймылдуу оюндарын берет элеңиз?

**Изденүүчү:** Урматтуу Маматсабыр Турганбаевич, суроонузга ырахмат.

Сканировано с CamScanner

3-4-класстын окуучуларына ийилчээктикти өнүктүрүү үчүн: “Секиртмей”, “Чолок тоок”, “Топту жылан сымаал өтүү”, “Башаламандык”, “Өрдөк басыш”, “Ланга” ж.б. кыймылдуу оюндарын берем.

**Экинчи суроо.** Изилдөөнүн илимий жаңылыгы боюнча айтып берсениз?

**Изденүүчү:** Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:

– кыргыз элдик кыймылдуу оюндары боюнча атайын педагогикалык адабияттар талданып, аларды башталгыч класстын 3-4-класстын дене тарбия сабагында колдонуунун теориялык, практикалык негиздери ачыкталган.

– 3-4-класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарындагы кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын системалаштырылган.

– башталгыч класстын окуучуларын кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына болгон кызыгуусун калыптандыруунун тийгизген таасирин педагогикалык эксперименттик иштерде текшерилген.

**Жыйындын төрайымы:** Уркуя Кочкоровна, суроонузду бериңиз.

**Тажибаева У. К. педагогика илимдеринин кандидаты, ага окутуучу.**

**Менин суроом төмөнкүчө:** Эксперимент жүргүзүүдө кайсы методдордун негизинде изилдөө иштериңизге байкоо жүргүздүңүз?

**Изденүүчү:** Урматтуу Уркуя Кочкоровна, суроонузга ырахмат.

Илимий изилдөө ишибизде биз төмөнкүдөй изилдөө методдорун колдондук:

1. Адабий булактарды изилдөө
2. Тарыхый жана салыштырмалуу методу
3. Педагогикалык байкоолор
4. Мугалимдерди жана окуучуларды анкеталык сурамжылоо
5. Педагогикалык эксперимент
6. Антропометриялык ченөө
7. Окуучулардын жалпы жетишкендиктерин талдоо
8. Илимий материалдарды математикалык иштеп чыгуунун методдору.

**Жыйындын төрайымы:** Менимче изденүүчү бардык суроолорго канааттандырарлык жооп берди. Дагы кимде кандай суроолор бар? Эгерде башка суроолор жок болсо, кийинки процедурага өтөлү. Алгачкы сөз илимий

Сканировано с CamScanner

жетекчи Токсонбаев Рыскелди Нурманбетовичке берилет.

**Токсонбаев Р. Н. – педагогика илимдеринин доктору, профессор:** Урматтуу кесиптештер, биринчиден бүгүнкү жыйынга келип, катышып бергениниздер үчүн рахмат айтабыз. Ар бириниздер илимий ишти дыкаттык менен окуп чыгыпсыздар. Чындыгында 3-4-класстын окуучуларына кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын кызыгууларын калыптандыруу жөнүндө иштин жазылып жаткандыгы актуалдуу. Сиздердин жогоруда айтылган кемчиликтердин, сунуштардын баарын эске алып, оңдоо, түзөө иштерин жүргүзөбүз.

**Жыйындын төрайымы:** Анда эмесе, кийинки сөз рецензенттерге берилсин: Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент М. К. Саралаевге сөз берилет.

**Саралаев М. К. – педагогика илимдеринин кандидаты., профессор.** Урматтуу кесиптештер! Мен, Доронбаева Нурзада Орунбековнанын диссертациясын карап чыктым. 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы шифр боюнча кетип жатат. Изденүүчүнүн темасы абдан керектүү жана актуалдуу. Практикада өтө керектүү деп айтса болот.

Бул диссертациялык иште, жогоруда көрсөтүлгөн бир катар жетишкендиктер менен, айрым кемчиликтер да байкалат: Биринчиден, диссертациянын көөлөмүн 150 бетке жеткирүү керек. Экинчиден, эксперимент менен тажрыйбалуу группанын окуучуларынын саны бирдей болуу керек. Диссертациялык иштин текстинде техникалык жана орфографиялык каталар байкалат, оңдоо керек.

**Жыйындын төрайымы:** Кийинки сөз, рецензент педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. А. Ж. Айбалаевге берилет.

**Айбалаев А. Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.** Урматтуу кесиптештер! Мен Доронбаева Нурзада Орунбековнанын диссертациясын дыкаттык менен карап чыктым. 13.00.01 - шифр боюнча кетип жатат. Изилдөөнүн темасы актуалдуу, жаны жаңылыктары менен айырмаланып турат. Бирок, диссертациянын текстин даярдоодо көп эле

Сканировано с CamScanner

кемчиликтер кездешти. Ошолордун кээ бирөөнү атап кетейин: диссертациянын корутундусунда практикалык сунуштардан кененирээк жазылбаптыр. Мазмунунда жазылган темалар диссертациянын ичиндеги темалардан айырмаланып калыптыр. Оңдоп чыгуу керек. Диссертациянын көлөмү аз, толуктоо зарыл. Айтылган кемчиликтерди туура кабыл алып, толуктасаңыз жакшы болот. Анда сиздерге ийгилик каалайм.

**Жыйындын төрайымы:** Урматтуу кесиптештер! Анда эмесе, талкууга өтсөк.

**Тажибаева У. К. – педагогика илимдеринин кандидаты, ага окутуучу.** Урматтуу кесиптештер! Нурзада Орунбековнанын темасы актуалдуу деп ойлойм, анткени балдар биздин келечегибиз. Өспүрүм балдарга элдик кыймылдуу оюндарга болгон кызыгуусун арттырсак, келечекте биздин муундар кыргыздын оюндарын унутпай жана дагы жайылтат деген ойдомун. Ийгилик каалайм!

**Мамбетова М. К. – педагогика илимдеринин кандидаты, ага окутуучу.** Урматтуу кесиптештер! Ооба, тема өтө кызыктуу, бирок көп кемчиликтерди көрүп турам. Практикалык сунушка дагы кошуп толукташ керек. Анын баарын жоесуздар деген ойдомун. Мен да бул илимий ишти колдойм жанан ийгилик каалайм!

**Мусалиева К.К. – ага окутуучу.** Өтө маанилүү маселени көтөрөп жатасыздар. Абдан кубанычтамын. Белгилей кетчү нерсе, диссертацияны мамлекеттик тилде жазып жатканыңар дагы эң туура деп ойлойм. Нурзада Орунбековнага жардам берели жана ийгилик каалайлы.

**Жунушбаева А.О. – ага окутуучу.** Изденүүчү өзүнүн тандап алган темасын толук түшүнөт экен, көрүнүп турат. Өзү башталгыч класстарга көп жылдан бери дене тарбия сабагын бергендиктен, кызыгуу менен изилдөө иштерин аткарып, жыйынтыктарын көрсөттү. Мен изденүүчүнү колдойм жана ийгилик каалайм!

**Исакова Ж. Ж. – педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.** Мен Нурзада Орунбековнага каалоо катарында айтып кетейин: бул өтө зарыл илимий ишти аткарууда бир канча техникалык, грамматикалык жана

Сканировано с CamScanner

стилистикалык каталар байкалат, алардын барын жоюу зарыл. Диссертацияда тиешелүү материалдар бар, бирок дагы кененирээк токтолуп жазуу керек. Х.Ф Анаркуловдун 500дөн ашык кыймылдуу оюндары жазылган китеби чыккан. Ошолордон дагы алып кошуу керек. Акыркы жылдардагы тема боюнча авторлордон көбүрөөк кошуу керек. Мисалы Саралаев М.К., Айбалаев Х.Ж., Абдуллаев М.Т., Дениз Арык, Т.Уметов ж.б.

**Жыйындын төрайымы:** Бул диссертацияны коргоого сунуштаса болот, изденүүчү педагогика илимдеринин кандидаты болууга татыктуу экендигин жасаган докладдан суроолорго жооп берүүсүнөн, материалды терең билгенинен көрүнүп турат, бул теманын үстүндө көп жылдар бою эмгектенип өзүнүн практикалык иш-аракетин чагылдырган.

Биз бул диссертация боюнча бүтүм кабыл алышыбыз керек.

**ДИССЕРТАЦИЯНЫ ТАЛКУУЛООДОН КИЙИН ТӨМӨНКҮДӨЙ БҮТҮМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:**

**I. Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз эли элдик оюндарга өтө бай болгон. Элдик кыймылдуу оюндар элдик тарбиянын ажыралгыс бөлүгү. Оюндар өспүрүмдөрдү элди, жерди, мекенди сүйүүгө, адептүүлүккө, эмгекчилдикке, акыл-эстүүлүккө, баатырдыкка, чечкиндүүлүккө тарбиялоодо элдик педагогиканын түбөлүк адатка айланган талабы болгон. Көрсөтүлгөн шарттар абдан маанилүү. Кыргыз элдик оюндарын кеңири жана негиздүү колдонуу аркылуу, өзгөчө айыл мектептеринин окуучуларын «Ден Соолук» комплексинин нормаларын жана талаптарын тапшырууга даярдоого эксперименттик жактан негизделген башталгыч класстын окуучуларын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу боюнча изилдөөбүздү өз убагында колго алууну **актуалдуу** деп эсептейбиз.

**II. Изилдөөнүн максаты** - Башталгыч класстын окуучуларын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруунун жолдорун аныктоо.

**III. Изилдөөнүн милдеттери:**

Сканировано с CamScanner

1. Кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын боюнча дене тарбия сабагында колдонуунун теориялык, практикалык негиздерин аныктоо.

2. 3-4-класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарындагы кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын системалаштыруу.

3. Кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын башталгыч класстын окуучуларына тийгизген таасирин педагогикалык экспериментте текшерүү.

**IV. Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык мааниси болуп төмөнкүлөр саналат:**

Изилденген материалдар жана аларды башталгыч класстын 3-4-класстын окуучуларынын дене тарбия сабагында пайдалануу, педагогикалык процесстин мазмунун олуттуу деңгээлде байытууга мүмкүндүк берип, сабактардын жалпы жыштыгын дене тарбияда колдонуучу каражаттары сыяктуу эле жогорулатат жана Кыргызстандын жалпы билим берүү мектептеринде колдонууга сунушталышы мүмкүн.

Биз жүргүзгөн изилдөө Мамлекеттик билим берүү стандартынын мазмунуна жана тарыхый жактан калыптанган билим берүүнүн жана тарбия берүүнүн ченемдик иш кагаздарынын талаптарына толугу менен ылайык келет.

**V. Алынган натыйжалардан илимий жаңылыгы:**

– кыргыз элдик кыймылдуу оюндары боюнча атайын педагогикалык адабияттар талданып, аларды башталгыч класстын 3-4-класстын дене тарбия сабагында колдонуунун теориялык, практикалык негиздери ачыкталган.

– 3-4-класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарындагы кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын системалаштырылган.

– башталгыч класстын окуучуларын кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына болгон кызыгуусун калыптандыруунун тийгизген таасирин педагогикалык эксперименттик иштерде текшерилген.

Диссертациянын түзүлүшү: Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизин камтыган киришүүдөн, үч баптан жана алардын пайда болгон жыйынтыктардан жалпы корутундудан, пайдаланган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

Сканировано с CamScanner

**VI. Изилдөөдөн келип чыккан корутундулардын ишенимдүүлүгү жана жыйынтыктардын негиздүүлүгү** алдыга коюлган максат, милдеттерге шайкеш методдорду колдонуу, тажрыйба-эксперимент иштери, эксперименттин жүрүшүндө алынган маалыматтарды ар тараптан изилдөө аркылуу камсыздалган.

**VII. Диссертациянын материалдарын берүүнүн толуктугу:**

1. Доронбаева, Н.О. Основы и особенности кыргызских народных подвижных игр [Текст] / Н.О.Доронбаева, Р.Н.Токсонбаев // Илимий-практикалык конференциянын МАТЕРИАЛДАРЫ Актуальные вопросы и проблемы современного образования в Кыргызстане. – Бишкек, – 2019. – № 1.- Б. 48-51.

2. Доронбаева, Н.О. Особенности духовно-нравственного воспитания и физической культуры подрастающей личности [Текст] / Н.О. Доронбаева, Р.Н. Токсонбаев, Н.Э. Ибрагимова // Вестник физической культуры и спорта – Бишкек, – 2021. – №1(27). – Б. 68-72.

3. Доронбаева, Н.О. Формирование знаний и интересов кыргызских народных подвижных игр у учащихся начальных классов в образовательном процессе (на примере уроков физической культуры 3-4 классы) [Текст] / Н.О.Доронбаева, Р.Н.Токсонбаев // Педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасынын актуалдуу маселелери аттуу IV Эл аралык илимий-практикалык конференциянын макалалар жыйнагы. - Бишкек, – 2019. – №1 – Б. 225-227.

4. Доронбаева, Н.О. Теоретические основы изучения развития быстроты у школьников средствами кыргызских народных подвижных игр на уроках физической культуры [Текст] / Н.О. Доронбаева, Р.Н. Токсонбаев, К.Р. Каимов // Түрк элдеринин X эл аралык симпозиуму. – Кахраманмараш, – 2021. – №11. – Б.281-285.

5. Доронбаева, Н.О. Кесиптик дене тарбия боюнча билим алуунун этнопедагогикалык тарбиянын педагогикалык шарттарынын методикасы [Текст] / Н.О.Доронбаева, Р.Н.Токсонбаев., К.К Мусалиева. // Баткен

Сканировано с CamScanner

мамлекеттик университетинин ЖАРЧЫСЫ. – Бишкек, – 2023. – № 1. – Б.56-61.

6. Доронбаева, Н.О. Кыргызстандын айыл-кыштактарында сакталып келген улуттук кыймылдуу оюндарынын кээ бир түрлөрү [Текст] / Н.О.Доронбаева, Р.Н.Токсонбаев, К.К.Мусалиева // Известия Вузов Кыргызстана. – Бишкек, – 2023. – № 5. – Б. 265-268.

7. Доронбаева, Н.О. Дене тарбия сабактарында инсанды руханий жана адеп-ахлактык жактан өнүктүрүү [Текст] / Н.О. Доронбаева, Р.Н.Токсонбаев, К.К.Мусалиева // Известия Вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2023. – № 5. – Б. 269-272.

8. Доронбаева, Н.О. Кыргыздын акыл оюндарын жаш өзгөчөлүгүнө карата пайдалануу [Текст] / Н.О. Доронбаева, Р.Н.Токсонбаев, К.К. Мусалиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2023. – № 8. – Б. 321-324.

9. Доронбаева, Н.О. Атайын дене тарбиялык билим алуудагы студенттердин этнопедагогикалык тарбияланууусунун педагогикалык шарттары. [Текст] / Н.О.Доронбаева, Р.Н.Токсонбаев, К.К. Мусалиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2023. – № 8. – Б.325-329.

10. Доронбаева, Н.О. Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыздын элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу [Текст] / Н.О.Доронбаева, Р.Н.Токсонбаев, У.К.Тажибаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2024. – № 1. – Б. 237-240.

11. Доронбаева, Н.О. Тогуз коргоол Кыргыз улуттук оюнунун өсүп келе жаткан муундун калыптанышындагы мааниси жана өзгөчөлүктөрү [Текст] / Н.О.Доронбаева, К.П.Манашева Р.Н.Токсонбаев, Г.Ж.Каракозуева, К.Т.Чыныбеков // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, – 2024. – № 1. – Б.255-257.

12. Доронбаева, Н.О. Методика реализации педагогических условий этнопедагоического воспитания в системе школьного образования [Текст] /

Сканировано с CamScanner

Н.О.Доронбаева, Р.Н.Токсонбаев, У.К.Тажибаева, К.П.Манашева // Живая Психология. – Ростов на Дону. – 2024. –Т. – 10. № 8, – Б. 63-71.

13. Доронбаева, Н.О. Методика реализации педагогических условий этнопедагогическог воспитания в системе физического воспитания [Текст] / Н.О. Доронбаева, К.К.Мусалиева, К.Д.Бабаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, – 2023. - № 9. - Б. 299-303.

14. Доронбаева, Н.О. Башталгыч класстардын окуучуларын кыймылдуу оюндар аркылуу калыптандырууну изилдөө методу [Текст] / Н.О Доронбаева, У.К. Тажибаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, – 2023. – № 9. – Б. 295-298.

15. Доронбаева, Н.О. Формирование учебно-позновательной деятельности учеников начальных классов при обучении национальной игре “Тогуз коргоол” [Текст] / Н.О.Доронбаева, К.П. Манашева // Международный Журнал Гуманитарных и Естественных Наук. – Новосибирск, – 2024. – №3-3 (90). – Б. 162-165.

16. Доронбаева, Н.О. Педагогические основы кыргызских национальных подвижных игр и игры “Тогуз коргоол” в развитие общепредметных компетенций обучаюшихся [Текст] / Н.О.Доронбаева, К.П. Манашева // Международный Журнал Гуманитарных и Естественных Наук Новосибирск, – 2024. – №3-3 (90). – Б. 157-161.

**Алынган натыйжаларды колдонуу боюнча сунуштар**

1. Биз тараптан иштелип чыккан ыкмаларды колдонууга сарпталган убакыттын жалпы көлөмү окуу жылынын ичинде 20-25% бөлүү сунушталат.

2. Элдик кыймылдуу оюндарды тандоо кийинки сабактардын милдеттерине толугу менен дал келиши керек, дене боюнун өнүгүү деңгээлине максаттуу таасир этүү, кеңейтүү жана бар болгон кыймылдуу тажрыйбаны мындан ары жакшыртуу, окуучулардын жалпы билим берүүчү, тарбиялоочу даярдыгын көтөрүү, ошондой эле алардын ден соолугун чыңдоо керек. Элдик кыймылдуу оюндар жана жалпы кабыл алган дене тарбиясына тарбиялоо ыкмаларынын гармониялуу бирдигин аныктоо үчүн, алардын биринчисине сабактардын бардык бөлүктөрүндө өзүнүн ордун бөлүп берүү керек,

Сканировано с CamScanner

даярдоодон баштап жыйынтыктоого чейин, өтүп жаткан сабактарды жана аларды аткаруу талаптарын эске алуу абзел.

Аткарып жаткан оюн тапшырмаларынын өзгөчөлүктөрүнө эң эле мүнөздүү талаптар окуучулар менен бирге иштөө этабына дал келиши керек. Эгерде башында алар алдыда турган кыймылдуу иш жөнүндө жалпы түшүнүктү түзүүгө багытталса, анда андан соң түзүлүүчү ыкмаларды бышыктоодо жана акырында бардык кыймыл системаларынын сапаттары ар түрдүү шарттарда аткарылуусу зарыл.

3. Алдынкы дене-боюнун сапатынын эффективдүүлүгүн эске алуу менен элдик кыймылдуу оюндарды тандоого өзгөчө көңүлдү бөлүү керек. Ылдамдыкка жана шамдагайлыкка карата иштөөдө артыкчылыкты бериш керек, кыймылдардын ылдам аткаруусуна, алардын тактыгын, макулдашкандыгын, координациялангандыгына; күчкө карата иштөөдө булчундун чымыркануусунун деңгээлинин көбөйүүсүнө, кыймылдын ар түрдүү фазаларында ушул деңгээлдин өзгөрүүсүнө, реактивдүү жана сырткы күчтөрдүн ишине кошулуусуна; чыдамкайлыкка карата иштөөдө тапшырманы аткаруусунун узактыгына, аэробдук жана анаэробдук өндүрүмдүүлүгүн айкалыштарын, алардагы жөндөмдүүлүктөрүн, кыймылдуу иштин жүрүшүндөгү ишке жөндөмдүүлүгүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша ж.б. у.с. Кыймыл ыкмаларын жана аткаруусун түзүүгө багытталган сабактар, илимий мазмундун дал келген милдеттеринин өзгөчөлүктөрүн сөзсүз эске алуусу керек. Гимнастикада бул кыймыл аракеттердин өзүнчө бир стилди өздөштүрүүгө байланышкан, жеңил атлетикада – алардын табигый жана энергетикалык үнөмдүүлүгүнө, баскетболдо – өзгөчө вариациялоосу менен жана акырында колдонулуучу ыкмалардын жакшы натыйжа берүүсү менен, кросско даярдоодо – аткарылуучу кыймыл-аракеттердин дем алуу менен айкалыштыруусун билүүсү менен, өпкөнүн газ алмаштыруусун жакшыртуусу ж. б. у.с. Башталгыч класстын окуучуларынын дене бой жактан даярдоодо, оюндарды өткөрүүгө өзгөчө шарт түзүп берүү максаты жана аларды өнүктүрүү жергиликтүү бийликке сунушталат.

Сканировано с CamScanner

4. Элдик кыймылдуу оюндарды колдонууда сабактардын жалпы жыштыгын терең ойлуу жөнгө салууну зарылчылыгын унутпоо керек. Мындай жөнгө салуунун мааниси көлөмдүн көбөйүшүнө жана аткарылып жаткан иштин күчөшүнө гана бириктирүүгө болбойт, ал оозеки кайрылуулардын жардамы менен окуучуларга маалыматты берүүсүн жана ар түрдүү көрсөтүүлөрдүн формаларын да, жөнү бар эс алууну да, жана окуучуларды уюшкандык менен кайра тизүүнү да, кошумча билимди да камсыздоо керек.

Доронбаева Нурзада Орунбековнанын "Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу" (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) орчундуу жана актуалдуу проблемалардын бирине арналган. Кыргыз элинин дене тарбия педагогикасынын бай дөөлөттөрүн ачып берүүдө талкууланып жаткан ойдун башатында орун алган кыргыз элдик кыймылдуу оюндарын калың катмарга жайылтууну жана көчмөндөр оюндарынын программасына камтылгандыгы менен гана эмес, республикалык «Ден Соолук» комплексинин нормаларын, талаптарын аткарууда бир катар дене тарбия көнүгүүлөрүнүн кеңири таралышындагы маанилүү жагдайды дагы белгилей кетүү зарыл.

Доронбаева Нурзада Орунбековнанын "Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу" (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы талап кылган илимий даражалар боюнча 9,11-пунктунун талаптарын канааттандырат, ал эми автордун илимий-изилдөө темасы боюнча жарыяланган эмгектери диссертациянын авторунун илимий жана профессионалдык жактан жетилгендигин, учурдун талабынын денгээлинде олуттуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзө алганын айгинелейт.

Диссертацияда негизделген илимий жоболор педагогика илими үчүн маанилүү. Актуалдуулугу, илимий-теориялык мааниси, практикалык сунуштары бул эмгекти 13.00.01 – Жалпы педагогика, педагогика жана билим

Сканировано с CamScanner

берүү тарыхы адистиги боюнча коргоого сунуштоого болот деп айтууга негиз берет.

Проблеманын кылдат иштелип чыгышы, актуалдуулугу жана илимий мааниси, сунуш кылынган жана колдонулган окуу куралдарынын теориялык жана практикалык пайдалуулугу, автор тарабынан иштелип чыккан илимий негиздерин терең жана ар тараптуу эксперименталдык текшерүүлөр бул изилдөө педагогикага чоң салым кошо алат жана башталгыч класстардын окуучуларынын моралдык-этикалык, моралдык жана эрктүү сапаттарын өнүктүрүүгө багытталган деп айтууга болот.

**Жыйындын төрайымы: Экинчи суроо боюнча.** Н. О. Доронбаеванын "Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу" (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) аттуу темадагы 13.00.01. – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясы боюнча кошумча программасын карап чыгуу жана талкуулоо.

**Жыйындын төрайымы:** Биздин бүгүнкү кафедранын жыйыны Доронбаева Нурзада Орунбековнанын кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын кароо жана талкуулоо менен өтүү жаңыдан кирген талап болуп жатат. Аткарылган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы боюнча сөздү – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент М.К.Саралаевге берди.

**Угулду: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент М. К. Саралаев.** Доронбаева Нурзада Орунбековнанын "Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу" (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) темасындагы аттуу аткарылган диссертациялык иштин кошумча программасында педагогикалык анализдөө, салыштыруу, педагогикалык байкоо негизде иш жүргүзүлдү. Изилдөөдө, 3-4-класстын

Сканировано с CamScanner

окуучуларынын дене тарбия сабагында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына болгон кызыгууларын калыптандыруу менен көрсөткүч компетенттери иштелип чыкканын баса белгиледи.

Изденүүчүгө төмөнкү суроолор берилди:

**Мусалиева К. К. – ага окутуучу.** Кыймылдуу оюндар окуучулардын кандай кыймыл сапаттарын өнүктүрөт?

**Изденүүчү:** Суроонузга ыракмат! Окуу программасынын стандартында көрсөтүлгөндөй окуучулардын элдик кыймылдуу оюндар аркылуу 5 кыймыл сапатын өнүктүрөт. Алар: тездик, шамдагайлык, чыдамкайлык, күчтүүлүк, ийкемдүүлүк. Кыймылдуу оюндар оюнчуларды кенири ой жүгүртө билүүгө, эске тута билүүгө, байкагыч-баамчылдыкка, чечкиндүүлүккө, тез тыянак чыгара билүүчүлүккө, мекенди сүйүүгө, баатырдыкка, тарбиялайт.

**Халиалдаева А. С. – ага окутуучу, магистратура бөлүмүнүн башкы адиси.** Айтыңызчы, элдик кыймылдуу оюндар кандай бөлүнөт?

**Изденүүчү:** Суроонузга ыракмат. Элдик кыймылдуу оюндар балдар үчүн эң сүйүктүү жана пайдалуу оюндардын бири. Аларды изилдөөдө автор Х.Ф.Анаркулов “Кыргыз эл оюндары” окуу куралында төмөндөгүдөй бөлүштүргөн:

1. Басып жүрүп ойнолуучу оюндар.
2. Секирип жүрүп ойнолуучу оюндар.
3. Жүгүрүп жүрүп ойнолуучу оюндар.
4. Аспаптарды атып, таштап, ыргытып жана чертип ойнолуучу оюндар.
5. Карда жана музда жылгаяк тээп жүрүп ойнолуучу оюндар.
6. Уруп жана тээп ойнолчу оюндар.
7. Оордуктарды көтөрүп ойнолчу оюндар.
8. Жекеме жеке чыгып ойнолчу оюндар.
9. Эриккенди жазуучу оюндар.
10. Сөз оюндары.
11. Эмгектенүү жана ырым-жырым оюндары.
12. Исскуствого байланышкан оюндар.
13. Аттын үстүндө баратып ойнолуучу оюндар.
14. Денени чыңалтуучу оюндар.

**Экинчи суроом.** Алардын ичинен 3-4-класска кайсы кыймылдуу оюндар өтүлүт?

Сканировано с CamScanner

**Изденүүчү:** 3-4-класстын окуучулары үчүн “Аркан тартмай”, “Ак терек-көк терек”, “Ачакей-жумакей”, “Ийне жоготтум”, “Орто топ”, “Балык тор” Жоолук таштамай” ж.б. кыймылдуу оюндар берилет.

**Джунушбаева А. О. – ага окутуучу.** Бул теманы тандоодо эмне себеп болду?

**Изденүүчү:** Суроонузга ыракмат. Биз бул теманы тандоодо өтүлүп жаткан дүйнөлүк “Көчмөндөр оюну” себептүү. Ошол себептен этноспортту өнүктүрүү максатында мектеп курактан баштап 3-4 класстын окуучуларына элдик кыймылдуу оюндарга кызыгуусун калыптандыруу актуалдуу тема деп эсептедик.

**Абдыбекова Н. А.– педагогика илимдеринин кандидаты., доценттин м.а.** Элдик кыймылдуу оюндардын тарбиялык баалуусу кандай деп ойлойсуз?

**Изденүүчү:** Суроонузга ыракмат. Элдик кыймылдуу оюндарда катышуучулар белгилүү бир физикалык сапаттарды көрсөтүү менен, ар кандай кыймылдарды көп жолу кайталашат. Шамдагайлыкты өнүктүрүү үчүн катышуучуларды тиешелүү түрдө өзгөрүп турган чөйрөдө бир аракеттен экинчисине тез өтүүгө үндөгөн оюндар колдонулат. Оюндар жана көнүгүүлөр ылдамдыкты жогорулатууга жардам берет. Үн, визуалдык, сигналдарга дароо жооп берүү, кыймылдарды, кыска аралыктарды кабыл алуу, калыптануу, кыска убакытта басып өтүү. Кыска мөөнөттүү ылдамдыкта жана орточо күч талап кылган оюндарды өнүктүрүү үчүн ылайыктуу.

## ТАЛКУУГА КАТЫШКАНДАР:

**Саралаев М. К. – педагогика илимдеринин кадидаты, профессор.**

Бул изилдөөдө кыргыз элдик кыймылдуу оюндары боюнча талданган атайын педагогикалык адабияттарды талдоо жана кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу изилдөөнүн актуалдуулугун аныктайт. 3-4-класстын окуучулардын дене тарбия сабактарындагы элдик кыймылдуу оюндарды бирдиктүү систеиага салуу менен аларды дене тарбия сабактарында дене бой көрсөткүчтөрүнө тийгизген оң таасирин аныктоо бирден бир жолу болуп эсептелет. Кыргыз элдик кыймылдуу оюндары аркылуу окуучулардын “Ден Соолук” комплексинин нормаларын, талаптарын

Сканировано с CamScanner

ийгиликтүү аткарууга объективдүү өбөлгө түзөт. Сунушталган кошумча программа диссертациянын мазмунуна дал келет, ошондуктан бекитсек болот деп эсептейм.

**Айбалаев Х. Ж. – педагогика илимдеринин кадидаты.** Диссертациялык иштин эксперементтик бөлүмүндө сурамжылоо, байкоо жүргүзүү, эксперимент жүргүзүү, изилдөө методдору колдонулуптур. Кошумча программа диссертациянын мазмунуна дал келет, ошондуктан бекитсек болот.

**Абдыбекова Н. А. – педагогика илимдеринин кандидаты., доценттин м.а.** Изденүүчү азыркы күндө мектеп окуучуларынын арасындагы болуп жаткан чыныгы көйгөйдү көтөрүптүр. Өспүрүмдөрдүн кыймылдуу оюндарга кызыгуусу менен, ден соолукту чыңдоодогу сапаттар өнүгөт. Кошумча программа диссертациялык иштин мазмунуна дал келет, ошондуктан бекитүүнү сунуштайм.

**Жыйындын төрайымы:** Урматтуу кесиптештер, кошумча программа боюнча дагы кимде кандай суроолор бар? Менимче диссертант жогоруда берилген суроолорго канаттандыраарлык жооп берди деп ойлойм. Башка суроонуздар жок болсо, Доронбаева Нурзада Орунбековнанын “Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу” (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) адистиги боюнча аткарган диссертациялык иш боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасын бекитүү үчүн добуш берүүнү сунуштайм.

**ДОБУШ БЕРҮҮ: “Макул” – бардыгы. Бир добуштан кабыл алынды.**

Б. Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, психология жана дене тарбия тарбия тарыхы кафедрасы Доронбаева Нурзада Орунбековнанын “Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу” (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) аттуу диссертациялык иши боюнча билдирүүсүн,

Сканировано с CamScanner

суроолорго берген жоопторун жана жарыш сөзгө чыгып сүйлөгөндөрдүн пикирлерин угуп, талкуулап төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛДЫ:**

1. Доронбаева Нурзада Орунбековнанын диссертациясы боюнча бүтүмү бекитилсин.

2. Доронбаева Нурзада Орунбековнанын "Башталгыч класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу" (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы КР УАКтын жобосунун 9,11 пунктуна толугу менен жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунушталсын.

3. Доронбаева Нурзада Орунбековнанын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча аткарылган диссертациялык иши брюнча кандидаттык экзамен үчүн атайын дисциплинанын кошумча программасы бекитилсин.

**Жыйындын төрайымы:** Ушул чечим кабыл алынсын десениздер, добуш берип коюнуздар, " Макул " – бардыгы, " Каршы " – жок, " Калыс " – жок. Бир добуштан кабыл алынды.

**Жыйындын төрайымы: педагогика илимдеринин кандидаты., доценттин м.а.** **Исакова Ж.Ж.**

**Жыйындын катчысы: педагогика илимдеринин кандидаты** **Тажибаева У.К.**

*Педагогика илимдеринин кандидаты., доценттин м.а. Ж. Ж. Исакованын жана педагогика илимдеринин кандидаты У.К.Тажибаеванын кол тамгаларын тастыктаймын.*

Сканировано с CamScanner

Н.О.Доронбаева "Баштапкы класстын окуучуларынын дене тарбия сабактарында кыргыз элдик кыймылдуу оюндарына кызыгууларын калыптандыруу" (3-4-класстардын дене тарбия сабагынын мисалында) темасындагы 13.00.01. адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык жумушун талкулоо отурумунун

## КАТЫШУУ БАРАКЧАСЫ

Бишкек шаары "6" март 2024-жыл

| № | Фамилиясы, аты, атасынын аты | Илимий даражасы, шифры | Кол тамгасы |
|---|---|---|---|
| 1 | Анаркулов Х.Ф. | п.и.д., профессор, 13.00.01; 13.00. 04 | |
| 2 | Иманалиев Т.Т. | п.и.к., профессор, 13.00.04 | |
| 3 | Абдыбекова Н.А. | п.и.к, доценттин м.а., 13.00.01 | |
| 4 | Абдуллаев М.Т. | п.и.к., ага окутуучу, 13.00.01; 13.00.04 | |
| 5 | Мамбетова М.К. | п.и.к, ага окутуучу 13.00.01 | |
| 6 | Исакова Ж.Ж. | п.и.к., доценттин м.а., 13.00.08 | |
| 7 | Тажибаева У.К. | п.и.к., ага окутуучу, 13.00..02 | |
| 8 | Токсонбаев Р.Н. | п.и.д., профессор, кафедра башчысы, 13.00.01 | |
| 9 | Саралаев М.К. | п.и.к., доцент, кафедра мүчөсү, 13.00.04 | |
| 10 | Айбалаев Х.Ж. | п.и.к, доценттин м.а., кафедра мүчөсү, 13.00.01, 13.00. 04 | |
| 11 | Джунушбаева А.О | ага окутуучу, кафедра мүчөсү | |
| 12 | Мусалиева К.К | ага окутуучу, кафедра мүчөсү | |
| 13 | Халиалдаева А.С. | ага окутуучу, магистратура бөлүмүнүн башкы адиси. | |

Сканировано с CamScanner